**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча өткөрүлгөн отурумунан пресс-релиз**

Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 25-августундагы отурумунда негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн орто мөөнөттүк болжолдоолору кароого алынган. Талкуунун жүрүшүндө май айындагы акча-кредит саясат боюнча отчетто (Инфляция боюнча баяндамада) баяндалган орто мөөнөттүк экономикалык тренддерге тиешелүү болжолдоолор сакталып калгандыгы белгиленген. Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө байкалган экономикалык өсүш арымынын басаңдашы мындан ары да уланышы күтүлүүдө. Бул өз кезегинде, сырттан суроо-талаптын азайышына жана акча которуулардын кыскарышына таасирин тийгизет. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рыногундагы баа конъюктурасына тиешелүү болжолдоолор жогорулоо жагына бир аз өзгөргөн. Мындан тышкары, май айындагы болжолдуу баа берүүлөр 2014-жылдын июнь-август айларында орун алган факторлор менен да толукталган. Турак-жай коммуналдык кызматтарга тарифтердин жогорулоосу, республикада быйылкы жылы аба ырайынын алгылыксыз болушу, ички рынокто бензинге жана дизель отунуна баанын тездик менен өсүшү, ошондой эле ички суроо-талаптын тез арымда төмөндөшү, мына ушундай факторлорго кирет. Демек, бул факторлор жакынкы аралыкта инфляциялык процесстердин ыкчамдашына таасир этиши ыктымал. Орто мөөнөттүк мезгил аралыгында инфляцияны Улуттук банктын акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү чегинде токтотууга жетишүү жана ошол чекте чектеп туруу үчүн бардык зарыл чаралар көрүлөт.

Ошентип, инфляциялык тобокелдиктер менен сырттан суроо-талаптын кыскарышы тобокелдигинин катышын эске алуу менен Улуттук банктын эсептик чен өлчөмүнү 6,50 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечими кабыл алынган.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2014-жылдын 29-сентябрына пландаштырылган.